**Б.1.3.39 Эл аралык мамилелердин тарыхы**

«Эл аралык мамилелердин тарыхы» дисциплинасы социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профилинин окуу планынын негизги бөлүгүндө (коду: Б.3.2.1.18.) орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн сааттардын жалпы саны – 120, аудиториялык сааттар – 48, анын ичинде дарс – 24, семинардык сабак – 24 саатты түзөт. Ал эми 72 саат студенттин өз алдынча ишине ажыратылган. Баары биригип 4 кредитти түзөт. Курс 6-семестрде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (экзамендик бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарын көрсөтүү менен 1-жадыбалда келтирилген.

**Дисциплинанын бакалавриаттын НББПнын түзүмүндөгү орду:**

| **Түрмөгү жана коду** | **Семестри** | **Эмгек сыйымдуулугу (кредит)** | **Баардыгы (сааттарда)** | **Аудиториялык иштин көлөмү (саат)** | | | **СӨИ** | **Аттестациялоо формасы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **Дарс** | **Прак. сабак** | **Лабиш** | | |
| Б.3.2.1.18 | 6 | 4 | 120 | 32 | 32 | - | 52 | экзамен |

Кыскача мазмуну: 32 - 56 Экзамен Эл аралык мамилелердин тарыхы предмети (ЭМТ) Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде Тарых жана социалдык – экономикалык билимдер боюнча өтүлүүчү сабактардын мазмунун толуктап турат. Тарыхый билим алууда эл аралык мамилелердин тарыхын окуп үйрөнүү да өзгөчө мааниге ээ. Анткени, ар бир мамлекет бири- биринен обочолонгон абалда өнүкпөйт.Баардык мамлекеттер өзүнүн өнүүгүүсүндө жакынкы жана алыскы өлкөлөр менен экономикалык, саясий, маданий, диний, согуштук- стратегиялык ж.б. багыттардагы мамилелерди түзүү аркылуу өнүгөт. Бул курста студенттер эл аралык мамилелердин системаларынын калыптануу мыйзам ченемдүүлүгүн жана анын эволюциясын билишет. Эл аралык мамилелердин өнүгүүсүн үйрөнүшөт. Курста дүйнолүк согуштарга баа берилет, согуш жана тынчтык маселелери талкууланат. Эл аралык мамилелерди окуп үйрөнүүдөгү негизги теориялык мектептерге салыштырмалуу талдоо жүргүзүлөт. Дүйнөлүк аренадагы глобалдашуу жараяны аныкталат.